DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Мадумарова М.К., Куйчиев А.С., Маматова А.М.*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА ПРЕДМЕТТЕРДИ ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН АЙРЫМ МОДЕЛДЕРИ

*Мадумарова М.К., Куйчиев А.С., Маматова А.М.*

# НЕКОТОРЫЕ МОДЕЛИ ИНТЕГРАЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

*M.K. Madumarova, A.S. Kuychiev, A.M. Mamatova*

# SOME MODELS OF INTEGRATION TRAINING IN HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS

*УДК: 811.51*

*Макалада интеграциялап окутуунун актуалдуу маселелери чагылдырылган. Учурдагы окуу процесстери санариптик технологиялардын жана окуу-усулдук технологиялардын күн санап өсүшүнө байланыштуу үзгүлтүксүз түрдө өзгөртүлүп, өнүктүрүлүп турууга тийиш. Окутуунун жаңы усулдарын адистештирилген окуу-усулдук борборлор гана түзүп, колдонууга берүүсү мүмкүн болбой калды. Ошондуктан интеграциялап окутуу процессин окутуу жүрүп жаткан мектептердин, институттардын жана адистердин шартына жараша бир эле мезгилде бардык окуу жайларында ишке ашыруу замандын талабы болуп турат. Бул макалада интеграция түшүнүгү, окуу процессинде бул технологиянын натыйжалуулугу, артыкчылыктары, аны окутуунун технологиялары жөнүндө кыскача маалымат берилет. Учурдагы ЖОЖдордун окуу планындагы предмет терди интеграциялап окутуу аркылуу студенттердин дүйнөнү таануусуна, билим алууга болгон умтулуусуна шарт түзүлө тургандыгы өзгөчө мааниге ээ. Ошондой эле учурдагы салттуу сабактардан интеграцияланган сабактар ортосундагы айырмачылыктары белгиленет. «Манас» эпосун тарых, география предметтери менен интеграциялап окутуунун жолдору көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүү системасы, окуу планы, салттуу сабактар, компетенттүүлүк, мобилдүүлүк, интеграция, география, окутуу технологиялары, географиялык карта.*

*В этой статье отражаются актуальные задачи интегрированного обучения. В современных цифровых технологиях требуется нерпрерывное развитие и изменение методики обучения учебного процесса. Разработка и внедрение новых методик обучение только специализированными учебно-методическими центрами стало невозможным. Поэтому создание новых методик обучения одновременно во всех образовательных учреждениях в зависимости от возможности специалистов и условий обучения является требованием времени. В этой статье коротко излагается информация о сущности понятия интеграции, о результативности интеграции в обучении. Интеграционное обучение дисциплин входящие учебные планы Вуза, создать условия для формирования у студентов широкого мировоззрения, стремлении к получения глубоких знаний. А также отмечены отличия между традиционными уроками и интегрированными обучениями. В статье трактуются пути изучения эпоса «Манас» посредством интегрированного обучения с историей и географией.*

***Ключевые слова**: система образования, учебный план, традиционные уроки, компетентность, мобильность, интеграция, география, технологии обучения, географическая карта.*

*The article deals with the actual tasks of integrated learning. Modern digital technologies require the continuous development and change of teaching methods of educational process. The development and implementation of new methods of training only by specialized training centers has become impossible. Therefore, the creation of new teaching methods at the same time in all educational institutions, depending on the capabilities of specialists and training conditions, is a requirement of the time. The article deals with information about an essence of the concept of integration, about the effectiveness of integration in teaching. Integration teaching of disciplines of the incoming curricula of the university create the conditions for the formation of a broad worldview among students, the desire to obtain deep knowledge. Also, differences between traditional lessons and integrated training are noted. The article deals with the ways of studying the epic "Manas" through integrated learning with history and geography.*

***Key words:*** *education system, curriculum, traditional lessons, competence, mobility, integration, geography, learning technologies, geographical map.*

Учурда ЖОЖдордо интеграциялап окутуу маанилүү маселелердин бири болуп келет. Интеграция түшүнүгү окуу процесстериндеги дисциплиналардагы билимдерди бир багытта ич ара бириктирүү болуп саналат. Интеграциялоо учурунда өтүлүүчү предметтердин темаларын бири-бири менен терең байланышта

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



экендигин мисалдар аркылуу айкалыштыруу жана тема мазмундук жактан тутумдаштырылууга тийиш. Студенттердин ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсүнө жана чыгармачыл инсан катары калыптануусуна интегративдүү окутуу өбөлгө түзөт. Окуу планындагы интеграцияланган дисциплиналар аркылуу студенттердин дүйнөнү таануусуна, билим алууга болгон умтулуусуна шарт түзүлөт. Аларда коом жана дүйнөгө көз карашы өзгөрөт. Салтуу сабактардан интеграцияланган сабактар ортосундагы айрмачылыктарды атап өтөлү:

– Берилген материал өзүнүн ыкчам жана так экендиги;

– Сабактын ар бир бөлүмдөрүндө интеграциялануучу предметтердин материалдарынын тыгыз байланышы;

– Логикалык жактан бири-бирине дал келиши;

– Тандалып алынган материалдардын предмет аралык байланышка салыштырмалуу көлөмдүүлүгү.

Мугалим тарабынан интеграциялык сабактарды алдын ала пландаштыруу өтө тыкандык менен изденүүнү талап кылат. Анткени мындай сабактарда экиүч предметке тиешелүү болгон темалар тандалып, алардын мазмуну бириктирилет. Андыктан интеграциялык сабактын максат жана компетенцияларын туура тандап алууга тийишпиз. Интеграцияланган сабактын максаттары тандалгандан кийин гана предметтерден темага карата керектүү материалдар тандалат. Бул учурда студенттердин окуу ишмердүүлүктөрүн эске алып, берилген материалды терең кабыл алуу, керексиз жүктөмдөрдөн арылтуу, т.а. материалдын өлчөмүн кылдаттык менен терип чыгуу зарыл. Учурдагы дидактиктердин изилдөөлөрүндө интеграциялык сабактардын түзүлүшүнүн үч баскычы белгиленет:

– бир гана дисциплинага гана таандык билим жана билгичтиктер;

– башка дисциплиналарга таандык билимдер жана билгичтиктер;

– тандалган дисциплиналык билим жана билгичтиктерди интеграциялап окутуу.

Мисалга алсак, Кыргызстандын жогорку окуу жайларында Манас таануу сабагы милдеттүү түрдө окутулат. Техникалык багыттагы жогорку окуу жайларында предметке болгон кызыгууну арттыруу жана предметти терең үйрөтүү максатында интеграциялык сабактардын аталган баскычтардын структурасына көңүл коюп, окутууга болот. Мында студенттердин кесиптик билимдери менен Манас таануу дисциплинасынын ортосундагы жакындыктарды терең айкалыштырып интеграциялап окутуу каралат. Алсак, «Манас» эпопеясындагы кыргыздардын байыркы элдик билимдери” деген теманы өтүүдө мугалим геология, география, философия, астраномия, медицина ж.б. илимдери менен интегрциялоо жолдорун изилдейт. Окутуу процессиндеги интеграциялоонун мүмкүнчүлүктөрү кеңири экендиги маалым. Мугалим тарабынан материалды тандоодо чектен ашпаган маалыматтардын болуусу зарыл. Окутуучу интеграцияланган сабакты жүргүзүү үчүн бардык маалыматтардын көлөмүн алдын ала талдоодон өткөрүп, мазмуну жактан бири-бирине төп келген материалдарды гана тандап алганы оң. Мындай учурда окутуучу сабакты интеграциялоонун курчама түрү аркылуу моделдештирүү технологияларын кошо пайдаланууга болот (1-табл.).

*1-таблица*

| **Геология** | **Тил** | **Философия** |
|---|---|---|
| География | Манас таануу | Астрономия |
| Музыка | Тарых | Физика |

Мугалим тарабынан “Манас” эпосунда берилген жер жана жердеги геологиялык процесстер тууралуу маалыматтар жана окумуштуулар тарабынан талдоого алынган философиялык көз караштардын чечмелениши, эпосто аты аталган түрдүү өлкөлөр, андагы жашаган этностор жана ал этностордун географиялык жактан картада жайгашышы, ошондой эле элдик табыпчылыктын үлгүлөрү жана башка илимдерден маалыматтар камтылган эпизоддорду тандоо талап кылынат. Андан соң бул маалыматтар кайсы илимдер менен тыгыз байланышта турат, алар кайсы илимде кандай түшүндүрүлөт, алардын илимий мааниси, аталган предмет менен болгон байланышын талдап, материал мугалимдин өзү же предметтик окутуучулардын жардамы аркылуу жүзөгө ашырылат. Мындай интеграцияланган сабакты өткөрүүдө студенттер үчүн жаңы психологиялык чөйрөнү түзүү үчүн геология же география кааналары тандалып алынса максатка ылайыктуу болот.

Сабакты уюштуруу этабында студенттер менен темага байланыштуу алардын ой-өрүшүн байкоо же буга чейинки геология, география, тарых илимдери боюнча билгичтиктерин аныктоо үчүн атайын суроолор берилет:

1. Азыркы Кыргызстандын тоо кыркаларынан деңиз жаныбарларынын калдыктарынын табылышы эмнени түшүндүрөт?

2. Илимде тоолордун пайда болушуна кандай мүнөздөмө берилет?

3. Кыргыз керемети болгон Ысык-Көлүбүздүн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тарыхы жөнүндө эмне билесиңер?

4. Орто Азиядагы Арал деңизи соолуп калышына кандай факторлор таасир эткен? Деңиздин соолушу экологияга таасирин тийгизгенби?

Мындай суроолор боюнча студенттер буга чейин алган билимдеринин негизинде белгилүү деңгээлде жооп беришет. Алардын жооптору туура жана туура эмес болсо, аларга коментарий берүү менен мугалим аталган маселелерди дагы бир жолу тактоо максатында төмөнкүдөй маалыматтарды берсе болот.

Жер кыртышында орун алган плита менен платформа аталган белгилүү бир чоңдуктагы көлөмдүү бөлүктөрү тектоникалык кыймылдардын таасиринде горизонталдык жана вертикалдык багытта бирдей кыймылда жүрөт. Бул кыймылдын натыйжасында аталган бөлүктөрдүн четки участкалары түртүлөт же бири-биринен алыстай баштайт. Ушул процесстерден улам бүктөлүүлөр пайда болуп, антиклиналь же синклиналь деп аталган рельефтин формаларын түзөт, б.а. тоолор же ойдуңдардын пайда болуусу жүрөт.

Бүгүнкү Фергана, Талас, Чүй өрөөндөрүнүн триас, бор жана юра доорлорунда деңиз каптап тургандыгы тууралуу геология илиминде көптөгөн далилдер келтирилген.

Тарыхый маалыматтага таянганда азыркы Ысык-Көлдүн ордунда Усун мамлекетинин борбору Чигу (Кызыл өрөөндөгү шаар) деген шаар болгондугу анык. Шаардын калдыктары бүгүнкү күнгө чейин көл астында жатат. Геологияда б.з. башында тектоникалык кыймылдардын таасиринде көлдүн суусу көтөрүлө баштап, шаарды суу каптап калгандыгы айтылат.

Белгилүү бир мезгилди кучагына алган дың жерлерди өздөштүрүү, калктын көбөйүшү менен сууну пайдалануунун күчөшү деңизге куюлуучу куймалардын азайышына алып келди. Мына ушундай себептерден улам Арал деңизи кургап, чөлгө айланып калган учур. Анын натыйжасында деңиз түбүнө чөккөн туздар абага бууланып, айлана-чөйрөгө аба массалары жана шамал аркылуу таркайт (мугалим интернет булактарынан алган материалдарды слайд аркылуу Арал деңизинин азыркы абалдагы сүрөттөрүн көрсөтөт).

Мугалим аталган суроо-жоопторду талкуулоонун негизинде студенттердин түрдүү предметтер боюнча алган билимдери эске түшүрүлөт. Натыйжада жер бетинин түзүлүшү, убакыттын (эралар, доорлор) өтүшү менен жер бетинде тоолордун, мелтиреген туздуктөрдүн, чалкып жаткан деңиздердин, какыраган чөл-дөрдүн орун алмашышын көз алдыларына келтиришет. Мындай маалыматтарды тарыхый, географиялык, геологиялык карталар менен пайдаланып, көрсөтүүгө болот.



**1-сүрөт.** Арал деңизинин азыркы абалы.

Слайд аркылуу 1976, 1997, 2007, 2015-жылдардагы спутниктен тартылган сүрөттөр колдонулат (сүрөт 1,2). Ушул сыяктуу интеграциялык уюштуруу этаптары сабакка болгон кызыгууну ойготот. Студент тарабынан өтүлүүчү темага көңүл бурулат. Аларда жергебиздин тарыхына болгон кызыгуу артат. Канткенде жашаган жерибизди, планетабызды сактап кала алабыз деген кыялдар ойгонот. Гумандуулук туюмдарын өрчүтүүгө багыт берилет.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557






**2-сүрөт.** Арал деңизинин спутниктен тартылган сүрөттөрү.

Сабактын кийинки баскычтарында, алсак жаңы теманы түшүндүрүүдө көргөзмө куралдардын арбын болушу маанилүү. Албетте алар кайра-кайра жарай тургандай жасоо максатка ылайыктуу. Алсак, Манас таануу курсунда “Манаста” айтылган саптардын мазмунун интеграциялоо үчүн төмөндөгүдөй көргөзмө каражаттарын, б.а. мультимедиялык каражаттар аркылуу (слайдка жайгаштыруу) анализдөөгө болот. Атайын тандап алынган саптар коммуникативдик максатта: угуу же көрүү, окуу, сүйлөө (“Манастан” үзүндү уктуруу, экранда аталган саптарды студенттерге көркөм окутуу, саптагы мазмунду сүйлөтүү) колдонулат. Атайын экранда таблица берилет жана аны толтуруу тапшырмалары коюлат. Толтурулган таблицаны пайдаланып мугалим теманы бышыктоосу жеңил болот.

Мындай интеграцияланган сабактар бир гана Манас таануу сабагы эмес, тил сабактарында же башка тарых, география, биология ж.б. предметтерин өтүүдө да пайдаланылат. Мугалим тарабынан түзүлгөн таблицага студенттер эпостогу айтылган саптардагы маалыматтарды жайгаштыруусу аркылуу интеграцияланган билимдер жана билгичтиктер калыптанат. Студенттер эпостун тарыхый мазмунга ээ болуп гана калбастан, геология, география, экология илимдерине тиешелүү мазмунга да бай экенин, кыргыз элинин кылымдар бою жер бетиндеги өзгөрүү процесстерине байкоо салып жүргөн эл болгонун «Манас» эпосундагы саптарды талдоо аркылуу түшүнүшү керек. Сабакты ушул типте интеграциялоо учурунда жалпы критерийлер эске алынуусу шарт:

- ар башка предметтер менен өтүлүүчү предметтин объектилеринин окшош же жакын болушу;
- теманы баяндоодо ар башка предметтердеги материалдарга болгон муктаждыктын келип чыгышы;
- мугалимдин предметтер боюнча тиешелүү маалыматка ээ болушу же предметчи мугалимдер менен биргеликте сабакты уюштурууга шарттардын түзүлүшү;
- студенттердин предметтер боюнча материалдарды айкалыштырып түшүнүүгө жарамдуулугу;
- окутуунун турдүү методдору аркылуу ишмердүүлүккө үйрөтүлүшү;
- ой жүгүртүү деңгээлинин өсүшү ж.б.

Ошондой эле темага карата интеграцияланган билимдерди бышыктоо үчүн атайын тесттерди (бир нече түрүн ) пайдаланууга болот.

Мисалы:

**“Манас” эпосундагы жер жана анда узак убакыттарда жүрүп туруучу процесстер тууралуу билимдер жана философиялык көз караштар.**

**1. Бир туура жообун белгиле.**

Ошол күндөн ушул күн,
Деңиз кургап чөл болду,
Чөл бузулуп көл болду,
Түз бузулуп төр болду
Тоо бузулуп сай болду
Сай козголуп тоо болду.
Аты калып өзү жок,
Ар канча деңиз жоголду

Бул ыр саптары ..................... жөнүндө айтылат.

а) жер бетиндеги геологиялык өзгөрүү процесстери;

б) элдик уламыш-жомоктордун салттуу башталышы;

в) байыркы адамдардын жашаган жерлери;

г) эпостогу апыртмалардын бири.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**Бир нече туура жоопту тандап алууга ылайыкташкан тесттер**

2. Мындан 240-325 млн. жыл мурун ............ мезгилинде жана ................. мезгилинин аягында (мындан 240-325 млн. жыл мурун) Орто Азияда мурункудан башкача жалпак тоолор, атылып турган жанар тоолор болгон.

а) Юра в) Карбон

б) Пермь г) триас

3. Геология илиминде Фергана, Талас, Чүй өрөөндөрүнүн триас, бор доорлорунда ...................... каптап тургандыгы жөнүндө далилдер көп.

а) чөл

б) деңиз

в) тоолор

г) субтропикалык өсүмдүктөр

**Бир туура жообун тандап алууга ылайыкташкан тесттер**

4. Мындан 137-197 млн. жыл мурун, ................. мезгилинде биздин жерде климат нымдуу жана жылуу болгондуктан, субтропикалык өсүмдүктөр дүркүрөп өскөн. Көп жерлерде чытырман токой, былкылдак саз, майда көлдөр, суулар болгон.

а) Юра

б) Пермь

в) Карбон

г) Триас

5. Эпосто чыгыш жана батышты кандай аташат?

а) чыгыш, батыш;

б) күн чыгыш, күн батыш;

в) күн тарап, түн тарап;

г) оң, сол.

Интеграциялык сабактарды уюштурууда татаал маселелер да талдоого алынат. Мында студенттердин коммуникативдик чөйрөсүн жандандырууга аракет кылынат. Мугалим предметтердге болгон көз карандылыктан, проблемалык кырдаалдардан чыгуунун түрдүү варианттарын изилдөөдө өтө көп чыгармачылык менен иштөөсү зарыл.

**Адабияттар:**


1. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] / Э.Абдылдаев. - Ф., 1981. - 265 б.
2. Байгазиев С. «Манасты» мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясы [Текст] / С.Байгазиев // Кыргыз туусу. - Б., 2012. - 6- б.
3. «Манас» кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / С.Орозбаковдун варианты. - Б., 2010. - 1840 б.
4. Матикеев К. Борбордук Азия Манас доорунда [Текст] / К.Матикеев. - Ош,1995. - 3-154-бб.
5. Рысбаев С. Манас таануу боюнча тесттик тапшырмалардын топтому [Текст]: С.Рысбаев, М.Мадумарова. - Б., 2015. - 67-б.
6. Мадумарова М. Манас таануу предметин интеграциялык методдор менен окутуунун артыкчылыктары. / «Известия вузов Кыргызстана», 2014. - №6. - 267-268.